**Изденүүчү Абдиева Чынара Ильиясовнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча жазылган “Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)” деген темадагы диссертациялык ишине**

# п и к и р

Диссертант “Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы электрондук массалык маалымат каражаттарынын өзгөчөлүктөрү (1991-2016)” деген теманы иштеп чыкты. Телерадио журналистиканын теориялык негиздерин өздөштүрүп, өлкөдөн чыккан илимий эмгектерди иликтеп, улуттук маалымат тармагындагы тарыхый этаптарды аныктады. Диссертациянын биринчи главасы ушуга арналды. Мындай иш буга чейин регионалдык аспекте иштелген эмес. Буга чейин аталган маселе жалпы түрдө (республикалык масштабда) башка темалардын курамында каралган.

Электрондук медиа тармагына даректүү түрдө жазылган эмгектер сан жагынан аз эле - Кыргызстандын радиожурналистикасы боюнча (автору А. Дүйшекеева), радиоуктуруу жана телекөрсөтүүнүн тарыхы боюнча (автор Т.Кадыров) жана орус тилинде жазылган “Телевидение Кыргыхстана: формирование и развитие” деген эмгек (автору М.Мырзагулов). Регионалдык аспекте алынган эмгектер жок. Чынара Абдиева так ушул багытта иштеп, түштүк региондогу электрондун медиа тармагын (радио менен телевидениени) изилдеди. Мындай темады бул биринчи изилдөө. Региондогу басма сөз тармагы боюнча да биринчи диссертация ушул жылы жазылып бүттү (муну М.Мамырова аткарды). Бул эки илимий иш бир жерден жазылды - Ош университетинин журналистика кафедрасынан.

Ч.Абдиева материалдарды изилдеш үчүн ылайык болгон методдорду тандап, ушунун негизинде түштүк региондогу үч областынын электрондук

медиа каражаттарын өзгөчө карап, бул жердеги радио менен телеканалдарды системалуу түрдө изилдеп чыкты. Окшош жактарын жана айырмаланган жерлерин диссертант салыштырманын (компаративистиканын) ыкмалары аркылуу талдады Муну экинчи главада аткарды. Мындай иш буга чейин жасалган эмес.

Диссертант үчүнчү главасында түштүк регионундагы электрондук медиалардын экстремалдык учурларда алып барган иш-аракеттерин ачык көрсөттү. Бул учурлар белгилүү. 1990-жылдын Ош окуясы, 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясы, 2002-жылдын Аксы окуясы. Булар түштүк региондо орун алышкан. 2005-жылдагы март революциясын чагылдырган журналисттердин макалалары да диссертацияда иликтенди. 2010-жылдагы апрель революциясы менен Оштогу этникалык тирештин экинчи окуясы атайын бир параграфка бөлүнүп каралды. Аталган окуялардын контекстинде регионалдык электрондук маалымат каражаттар буга чейин изилдөөдөн өтө элек болчу. Эми өттү.

Үчүнчү главада дагы бир илимий жаңылык бар. Бул электрондук мааламат каражаттарга тиешелүү жүргүзгөн мониторингтер. Булардын отчеттору буга чейин илимий иштердин курамына кире элек болчу. Автор ушул материалдардан түштүк аймактарга тиешелүү фактыларды бөлүп алып, иликтеп чыкты. Диссертант мониторнгтердин жыйынтыктарын изилдеп, Ош, Баткен, Жалал-Абад аймактардагы радио менен телеканалдарга тиешелүү көрүнүштөдү журналистиканын илимине киргизди.

Диссертацияда автордун жекече алган илимий натыйжалары даана көрүнүп турат. Ушуну тезис түрүндө айтсак, мындай болот. Биринчиден, туштүк региондогу электрондук медиа тармак биринчи жолу илимий иштин курамында деталдуу жана системалаштырган түрдө талданды. Экинчиден, аталган медиа тармактын экстремалдык учурда жүргүзгөн иштери илимий иликтөөдөн өттү. Үчүнчүдөн, медиа каражаттарды көзөмөлдөгөн мониторингтердин материалдары (түштүк регионго тиешелүү тартипте) диссертациялык ишке биринчи жолу киргизилди.

Бул иште принципиалдык түрдөгү каталар жок. Темасы актуалдуу. Методологиясы аныкталлып чыкты. Максатына жеткире турган маселелер чечилди. Илимий жаңылыгы талашсыз. Профессионалдык деңгели жогору. Иштин структурасы мазмундун ачылышына кызмат кылат. Диссертациянын көлөмү жана библиографиялык бөлүмү коюлган талаптарга жооп берет. Иштин материалдары жетиштүү түрдө апробациядан өттү - чет өлкөдөгү авторитеттүү илимий журналдардан орус тилинде эки макаласы чыкты; өлкөдөгү рейтинги бийик илимий журналдарга бир топ макалалары басылды, конференцияларда докладдар жасалды.

Абдиева Чынара Ильиясовнанын диссертациясын адистештирилген кеңешке коргоого сунуш кылууга толук түрдө негиз бар. Сунуштайм.

**Илимий жетекчи** **Мамбеталиев К.И.**
**филология илимдеринин доктору**

К.И.Мамбеталиевдин
колун тастыктайм.
РИЦАнын окумуштуу катчысы Низаева М.